**РАЙМАМАДМИНИСТРАЦИЯНЫН БАШЧЫСЫ-АКИМДИН АЛДЫНДАГЫ АППАРАТТЫК КЕҢЕШМЕДЕН**

# Талап - айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин натыйжалуу пайдалануу

Аппараттык кеңешмеде 2015-жылдын өткөн мезгилинде жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы жөнүндөгү маселе каралып, ал боюнча райондук каржы бөлүмүнүн башчысы Алмазбек Жумалиев баяндап берди. Районубуздун аймагында айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун 13143 гектар жери бар. Анын ичинен сугарылуучу айдоо жери - 8727 гектар, кайрак айдоо жери - 3541 гектар, көп жылдык бак-дарактар - 304 гектар, чөп чабындылар - 532 гектар, дыңга айланган жерлер - 39 гектар. 2014-жылы айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлеринин ижарасы боюнча түшкөн акчанын жалпы суммасы 17974,3 миң сомду түзөт, бул 2013-жыл менен салыштырганда 2333,0 миң сомго көбүрөөк. 2014-жылы түшкөн акчанын өсүшү 2013-жыл менен салыштырганда 15 пайызды түзөт.

2015-жылдын 1-январына карата салык калдыгы 5670,2 миң сомду түзөт, 2014-жылдын 1-январына карата карыз калдыгы 4185,9 миң сомду түзгөн. 2014-жылдын жыйынтыгында фонддун жерлери боюнча салык калдыгы Жээк айыл өкмөтүндө 599,2 миң сомго жана Кочкорбаев айыл өкмөтүндө 945,0 миң сомго - кыйла көбөйүп кеткени байкалат. Айыл өкмөттөрү берген маалыматтар боюнча 2015-жылдын 1-январына карата абал боюнча бардыгы болуп 11943 гектар ижарага берилген. 2015-жылга түзүлгөн келишимдер боюнча жалпы сумма - 24830347,9 миң сом, бул 2014-жылдагыдан 5502,8 миң сомго көбүрөөк, өсүш 128,5 пайызды түзөт. Алсак, сугат жеринин бир гектарынын орточо баасы 2725 сомду түзөт. Мисалга сугат жеринин орточо баасы Люксембург айыл аймагында 7337 сомду, ал эми Сын-Таш айыл аймагына 795 сомду түзөт. Ушунтип Сын-Таш айыл аймагында сугат жери боюнча гана бюджеттин резерви жана коромжусу бир гектардын баасы 2725 сом болгон учурда 2 млн. сомду түзөт.

Нурмамбет айыл өкмөтүндө сугат жеринин орточо баасы 1970 сомду түзөт. 182 гектар сугат жери пайдаланылбай калгандыгынын фактысын эске алганда сугат жери боюнча гана бюджеттин резерви жана коромжусу 900,0 миң сомду түзөт. Ивановка айыл аймагында бир гектардын орто баасы 1478 сомду түзөт. Бир гектардын баасы 2725 сом болгон учурда Ивановка айыл аймагынын бюджетинин киреше бөлүгү сугат жеринин ижарасы боюнча гана 830,0 миң сомго өсөөр эле.

Кайрак айдоо жеринин бир гектарынын орточо баасы жалпысынан район боюнча 606 сомду түзөт. Маселен, Бирдик айыл аймагында бир гектар кайрак айдоо жеринин баасы 3250 сомду түзөт. Сын-Таш айыл аймагында кайрак жердин баасы 200 сомду түзөт. Ушунтип Сын-Таш айыл аймагында кайрак айдоо жери боюнча гана бюджеттин резерви жана коромжусу 126,0 миң сомду түзөт. Айыл аймактарынын башчыларынын түшүндүргөнү боюнча төмөнкү факторлор айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлеринин айрым тилкелеринин баасынын төмөн болушунун себептери болуп эсептелет: ижарага берилүүчү жер тилкесинин жайгашкан жери, жер кыртышынын таштак болушу, сугат суусунун тартыш болушу, пайдаланууга ыңгайлуулугу, жердин ижарага капкачан берилген мөөнөтү.

Раймамадминистрациянын башчысы Бактыбек Жапарович Кудайбергенов айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин натыйжалуу пайдалануу максатында кай бир айыл аймактары айылдык кеңештин депутаттары менен кеңешип туруп, жердин ижара акысын көтөрүүгө баруулары керек деп маселе койду.

Аппараттык кеңешмеде ошондой эле Ысык-Ата районунун жолдорунда жол тейлөө ишканалары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан оңдоп-калыбына келтирүү жагынан жүргүзүлүп жаткан иштер жөнүндөгү маселе да каралып, № 43 жол тейлөө ишканасынын (ЖТИ)башчысы Нурмат Ногоев ишкананын 2014-жылдагы ишинин жыйынтыгы жана 2015-жылдагы иш планы жөнүндө баяндап берди. № 43 ЖТИ 250,9 км автомобиль жолун тейлейт, анын ичинен мамлекеттик маанидеги жол - 57,2 км, жергиликтүү маанидеги жол - 193,7 км. 2014-жылы №43 ЖТИ боюнча автомобиль жолдорун оңдоого жана күтүүгө 27600,0 миң сом каралган. Жылдын жыйынтыгы боюнча 34893,1 миң сом суммасындагы оңдоо иштери аткарылды, бул 126,4 пайызды түзөт. Орточо ремонт боюнча пландагы 21000,0 миң сомдун ордуна 24379,0 миң сом суммасында иштер аткарылды, бул 115,5 пайызды түздү. Красная-Речка-Ысык-Ата автожолунда узундугу 4 км болгон аралыкка 19107,7 миң сом суммасында жана Новопокровка айыл өкмөтүнүн Москва көчөсүндө 0,532 км аралыкка 2910,5 миң сом суммасында асфальт төшөлдү.

Новопокровка-Туз автожолунда узундугу 5,2 км аралыкта 2360,8 миң сом суммасында битум менен шагыл аралыштырып бодуракай кылып төшөө жүргүзүлдү. Учурдагы ремонт боюнча пландагы 5000,0 миң сомдун ордуна 8736,7 миң сом суммасында иштер аткарылды, бул 165 пайызды түздү. Автожолдорду кышында күтүү боюнча пландагы 1100 миң сомдун ордуна 1612,9 миң сом суммасында иштер аткарылды, бул 146,6 пайызды түздү.

Райондун акими Бактыбек Кудайбергенов өз сөзүндө Новопокровка-Сары-Жон жолу менен күнүнө 2 жолу өтөөрүн айтып, бул жолго кум-шагыл тегиз себилбей тургандыгына жана уңкур-чуңкурларды толтуруп ремонт жүргүзүү үчүн жогору жактан техника сурап алуу керек экендигине токтолду.

*Темирбек ИБРАИМОВ.*